№27 (3580)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2024-жылдын
9-апрели

www.erkin-too.kg

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек ЖАПАРОВ:

# "ЖЕТИМ БАЛДАРГА 500 МИҢ СОМДОН БАНК ЭСЕБИНЕ САЛЫНЫП, 18ге ТОЛГОНДО ГАНА КОЛУНА БЕРИЛЕТ"



3-бетте

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

# Боордоштор менен биргебиз

Президент Садыр Жапаров Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Садыр Жапаров жалпы кыргыз элинин атынан Казакстанда болуп жаткан масштабдуу суу ташкындары тууралуу маалыматты абдан тынчсызданую менен кабыл алганын белгилеп, Казакстан Өкмөтү өлкөнүн аймактарындагы табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча бардык зарыл чараларды көрөрүнө ишенерин билдирди.

Белгилей кетсек, эки күн мурун Кыргызстан Казакстанга 300 тонна гумжардам жөнөттү.



## Апрель баатырларынын эрдиги унутулбайт!

Президент Садыр Жапаров Апрель элдик революциясынын кезектеги жылдыгына карата кыргызстандыктарга кайрылуу жасады.

“Апрель элдик революциясы күнү – үй-бүлөлүк, кландык бийликти тактан кулаткан, адилетсиздик менен зордук-зомбулукка моюн сунбаган, эркиндикти сүйгөн кыргыз элинин рухун даңазалаган күн! Элдин эрки менен эсептешпей калган бийликтин арымы кыска, келечеги бүдөмүк болору айкындалган күн! Тилекке каршы, Апрель элдик революциясы бизге оор жоготуулар менен келди. Өкүмзор бийлик алдына чөгөлөп бербей, өз журтунун келечек тагдыры үчүн өлүмгө тике караган эр-азаматтарыбыздан айрылдык.

Апрель элдик революциясы – өлкөдө башкы күч эл экенин, кыргыз элинин канында адилеттик, калыстык, эркиндик үчүн ажалдан да кайра тартпай турган баатырдык мүнөз бар экенин далилдеген кандуу окуя катары дүйнө жүзүнө тарап, тарыхыбызга ташка тамга баскандай жазылып калды. Мамлекеттин жаркын келечеги деп кан-жанын аябай, эл мүдөөсүн орундатуу үчүн чечкиндүү кадамга барып, курман болгон баатырларыбыздын элесине таазим кылабыз. Апрель баатырларынын эрдиги ар бир мекенчил жарандын жүрөгүндө жашайт. Алардын жасаган каармандыгы биз үчүн да, келечек муун үчүн да ар дайым үлгү болуп кала берет” - деп айтылат кайрылууда.

## Борбордун көчөлөрү кеңейтилет

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек шаарындагы бир катар көчөлөрдү кеңейтүү иштеринин жүрүшү менен жеринен таанышып чыкты.

Төрагага А.Бакаев көчөсүн Л.Толстой көчөсүнөн Ж.Бөкөнбаев көчөсүнө чейинки, ошондой эле Ю.Фучик көчөсүн Л.Толстой көчөсүнөн Товарный көчөсүнө чейинки аралык боюнча долбоор көрсөтүлдү.



## Эки шаарга 1 млрд сомдон бөлүнөт

Президенттин демилгеси менен Кара-Балта жана Токмок шаарларын өнүктүрүүгө 1 миллиард сомдон бөлүнөрү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров өткөргөн кеңешмеде маалым болду.

Кара-Балта шаарында бөлүнгөн бюджеттик каражаттын эсебинен асфальт-бетон заводун, таш майдалоочу цехти куруу, жол куруучу техникаларды сатып алуу, Кербен муниципалдык базарын түзүү, борбордук стадионду, парктарды реконструкциялоо, сейил бактарды оңдоо, суу менен камсыздоо жана канализация, бала бакча куруу, жолдорду оңдоо, шаардын интерактивдүү картасын иштеп чыгуу жана видеобайкоо орнотуу пландалууда.

Токмок шаарында өнөр жай аймагын инфраструктура менен камсыз кылуу, бетон заводун куруу, «Токмок жылуулук» муниципалдык ишканасын модернизациялоо, асфальт-бетон заводун куруу, атайын техникаларды алуу, паркты жакшыртуу, таш майдалоочу цех куруу, мал базарды жакшыртуу, жолдорду оңдоо (өнөр жай аймагындагы жана ички жолдор), Бишкек – Нарын – Торугарт айланма жолунда туристтик комплекс куруу, логистикалык борбор куруу, Токмок шаарынын борбордук базарын реконструкциялоо, балдар бакчасы, көп функционалдуу стадиондун курулушу пландалууда.

## Инвестиция тартуунун түйшүгү



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргыз-Герман Ишкер кеңешинин германиялык бөлүгүнүн теңтөрагасы, Кыргыз Республикасынын Гамбургдагы ардактуу консулу Карл Элердинг жетектеген германиялык компаниялардын делегациясын кабыл алды.

Жолугушууда инвестиция, маалымат технологиялары, курулуш, өнөр жай тармагындагы кызматташуу маселелери талкууланды. Анда Акылбек Жапаров акыркы жылдары Кыргызстан менен Германиянын ортосунда саясий жана экономикалык өз ара аракеттенүү динамикалуу өнүгүп жатканын айтып, бир катар герман компаниялары Кыргызстанда конкреттүү инвестициялык долбоорлордун үстүндө иштей баштаганын эске салды.

## Фонддор менен банктардын милдети

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун жетекчилиги алдында мамлекеттик органдардын, өнүктүрүү фонддордун, мамлекеттик банктардын, бизнес-ассоциациялардын жана эл аралык уюмдардын катышуусунда Министрлер Кабинетине караштуу Инвестициялык кеңештин кезектеги жыйыны болду.

Анда Кыргыз-өзбек өнүктүрүү фонду 2022-2023-жылдар аралыгында 17 ири долбоорду ишке ашырганы айтылса, Кыргыз-орус өнүктүрүү фонду үстүбүздөгү жылы 32 инвестициялык долбоор ишке ашыраары белгиленди. Ошондой эле “Айыл банк”, “РСК банк” жана Мамлекеттик өнүктүрүү банкы акыркы жылдардагы аткарган иштери менен быйылкы жылга карата пландары талкууланды.

“Өнүктүрүү фондору менен мамлекеттик банктардын жетекчилери сиздер мамлекетке жаңы инвестиция тартууга, жаңы стандарттарды киргизүүгө милдеттүүсүздөр” - деди Акылбек Жапаров.

## Футбол стадиону курулууда



УКМК төрагасы, Кыргыз футбол союзунун президенти Камчыбек Ташиев Бишкек шаарындагы 45 миң көрүүчүгө ылайыкталган футболдук стадиондун курулушунун жүрүшү менен таанышты.

Президенттин тапшырмасы менен курулушу башталган стадион 45 миң орунга ылайыкталган жана эл аралык футбол федерациясы ФИФАнын стандарттарына ылайык курулууда. Аянты 85 миң чарчы метр, унаа токтотуучу жай жана техникалык аянт – 60 миң ч.м., коммерциялык аянт – 35 миң ч.м. түзөт. Стадиондо күйөрмандар үчүн аянтчалар, машыгуу аянтчалары, соода борборлору жана спорт дүкөндөрү, кафе-ресторандар, гибрид менен жабдылган футбол аянтчасы болот.

## Ден соолук – биздин байлыгыбыз

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бүткүл дүйнөлүк ден соолук күнүнө карата уюштурулган “Менин ден соолугум – менин укугум” аталышындагы иш-чарага катышты.

Акылбек Жапаров акыркы убакта жугуштуу эмес оорулар жашарып бара жатканын айтып, дартты алдын алуу үчүн дени сак жашоо образын жайылтуу зарылчылыгын белгиледи. Өз сөзүндө Кыргызстан төрт мезгилде тең спорт менен машыгууга ылайыктуу өлкө экенин кошумчалап, Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен тээ алыскы айылдагы жаңы мектептерде Бишкектегидей спорттук шарттары менен мектептер салынып жатканын билдирди.

## Качкындарды калкалоо зарыл

КР Президентинин Администрациясынын тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Муратбек Азымбакиев БУУнун Качкындар боюнча Жогорку комиссарлыгынын Борбор Азиядагы аймактык өкүлү Ханс Фридрих Шоддер менен жолугушту.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө тараптар качкындардын укуктарын камсыз кылуу, мыйзамдык базаны иштеп чыгуу, качкын макамын аныктоонун зарыл процедураларын жана механизмдерин киргизүү, алардын көйгөйлөрүн чечүү жаатында кызматташуу маселелерин талкуулашты.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЖОГОРКУ КЕҢЕШТЕ
www.erkin-too.kg

# ИДПнын көлөмү 1 триллион сомдон ашты




Жогорку Кеңештин 4-апрелдеги жыйынында «Кыргыз Республикасынын социалдык чөйрөсүн өнүктүрүү маселелери боюнча КР Министрлер Кабинетинин маалыматы жөнүндө» Жогорку Кеңештин токтомунун долбоору каралды. Аталган маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргызстанда курулуш иштеринин көлөмү 3 жылдын ичинде жогорку деңгээлге жеткенин баса белгилеп өттү. Анын берген расмий маалыматына таянсак, өлкөбүздө өзгөчө социалдык объектилерди куруу иштери жигердүү жүргүзүлгөнүн айтты. Баткен облусунда 417 турак жай жана 23 социалдык объект пайдаланууга берилгенин, үч жылдын ичинде Ош облусунда 113 социалдык объект, анын ичинен 73 мектеп жана бала бакча, Жалал-Абад облусунда 66 (38 мектеп), Баткен облусунда 67 социалдык объект курулганын билдирди. 2024-жылдан баштап Чүй облусуна басым жасалары айтылып, өткөн жылы калкынын санынын көптүгү боюнча республикада биринчи орунда турган Чүй облусунда 15 гана мектеп курулганын кошумчалады Акылбек Жапаров.

КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында Кыргызстан боюнча жыл жыйынтыгы чыгарылып, коллегиялык жыйындар өткөндүгүн, андагы маалыматтар Кыргызстанда экономикалык туруктуулук сакталып тургандыгын тастыктаганын билдирди. Келерки жылдын пландары бекитилип, 2024-жылдын 1-чейреги аяктаганын, өлкөнүн макроэкономикалык көрсөткүчтөрү туруктуу өсүүнү сактап жатканын белгилеп кетти. 2022-жылы ИДП 9%ды түзүп, 2023-жыл 6,2% өсүү менен аяктаганы маалым болду. Номиналдуу ички дүң продукция, тактап айтканда 2020-жылы 639,7 миллиард сомду түзсө, 2023-жылы рекорддук көрсөткүчкө жетип, ал 1 триллион 228 миллиард 900 миллион сомго жеткени, өсүү темпи 8,2% түзгөнү, 2021-жылга салыштырмалуу ИДПнын номиналдык көлөмү эки эсеге өскөнү боюнча маалыматтар айтылды.

Муну менен катар Министрлер Кабинетинин Төрагасы мындай өсүү темпи экономиканын бардык секторлорунда камсыздалганын кошумчалап, өнөр жайда – 7,8%, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө – 7,9%, айыл чарбасындада – 1,4%, курулуш тармагында – 39,8%ды түзгөнүн маалымдады. Баяндамачы акыркы убакта катталып жаткан катуу жер титирөөлөр тууралуу да сөз козгоп, Кыргызстанда жыл сайын 13 миңге жакын сейсмикалык термелүүлөр катталарын айтты. Акылбек Жапаров окумуштуулар тарабынан айтылып жаткан күчтүү силкинүүлөрдүн ыктымалдуулугун эске алуу менен мамлекеттик органдар көзөмөлдү күчөтүп, имараттардын сейсмикалык туруктуулугун камсыздоо боюнча чараларды көрүшү керектигин баса белгиледи.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы ошондой эле пандемияга чейинки мезгилдеги эң оор учур дайыма 1-квартал болуп келгенине токтолду. Расмий маалыматка таянсак, каражаттын жетишсиздигинен жумуш өз убагында башталбай, көрсөткүчтөр төмөн бойдон калып келген. "Бул биздин экономиканын акыркы жылдары калыптанып калган жана акырындап өнүгүп келе жаткан пост-ковид жана геосаясий кырдаалга ыңгайлашып жатканын далилдейт. Ошол эле учурда жалпы инфляция процесси 2023-жылы жыл башындагы 14,7%дан жыл соңунда 7,3%га чейин төмөндөгөн, ал эми 2024-жылдын акырына карата көрсөткүчтөр 6,5%дан 5,5%га чейин түшөрү болжолдонууда. Өлкөдө экономикалык туруктуулук сакталууда", - деп билдирди Акылбек Жапаров.

КР Министрлер Кабинети тарабынан жетим балдарды колдоо программасы иштелип чыкканы маалым болду. Расмий маалымат боюнча өлкөдө 1 868 тоголок жетим балдар бар, тоголок жетим балдар үчүн 270 миллион сом республикадагы банктарга депозитке жөнөтүлөрү дайын болду. Ал акча каражатынан тоголок жетим балдарга 500 миң сомдон банк эсебине салынып, бала 18ге толгондо гана өз колуна берилет. "Буга чейин балдар үйүндө тарбияланган өспүрүмдөр 18 жашка толгондон кийин эч ким тарабынан моралдык – материалдык колдоо көрсөтүлбөй, уурулук, кылмыш же сойкулук менен алектенип кеткен фактылар көп катталган. Мамлекет тарабынан аларга көңүл бурулчу эмес. Экономикабыз оңолуп, мамлекетибиз кубаттуу болуп, мынтип колдоого муктаж болгон коомчулуктун катмарына көңүл бурулуп жатат", - деп кошумчалады Акылбек Жапаров. Андан сырткары мамлекеттик бюджеттин эсебинен аз камсыз болгон жакыр үй-бүлөлөргө 100 миң сомдон кайтарымсыз акчалай жардам берип баштаганы жөнүндө коомчулук кабардар. Өткөн эки жылда 12 800 үй-бүлө акчалай колдоо алса, быйыл 20 000 үй-бүлөгө акча каражаты бөлүнгөн. Мамлекет тарабынан финансылык колдоо алган жарандардын 99%ы жакырчылыктан арылып, өз алдынча бизнес долбоорлорун ийгиликтүү ишке ашырып жатканы жакшы саамалык катары кабарланды.

Жогорку Кеңештин 4-апрелдеги сессиясында Министрлер Кабинетинин отчетун угуу боюнча Парламенттин Төрагасы Нурланбек Шакиев менен бир нече депутаттардын ортосунда пикир келишпестик жаралганына коомчулук ЖМКлар аркылуу күбө болду. Жыйындын жүрүшүндө алгач Билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева, Саламаттык сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиев, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Гүлнара Баатырова, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов, Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин жетекчиси Нурдан Орунтаевдер 10 мүнөттөн өз тармактары жөнүндө отчет берди.

Жогорку Кеңештин депутаты Акылбек Түмөнбаев Айыл чарба жана транспорт министрлигинин отчетун да угууну сунуштады. ЖК Төрагасы Нурланбек Шакиев 5 министрлик тийиштүү комитеттердин токтому менен баяндама жасаганын айтып, депутаттарды парламенттин регламентин сактоого чакырды. Депутат Түмөнбаев өз сунушун 2 жолу добушка койдуруп, бирок депутаттардан колдоо таппай калгандан кийин төрага менен кесиптештерин: "Добуш бербей, менин сунушумду колдобой койгонуңуздар туура эмес. Ошол элдин көйгөйүн, республикадагы жолдордун абалы боюнча уккубуз келбесе, жетинчи чакырылыштын депутаттары мандатын таштап, тарап кетишибиз керек. Урматтуу төрага, ачык айтайын, сиз дагы өкмөткө жардамчы болуп, комментарий берип, депутаттарды сындабаңыз..." - деп сынга алды. Талаш-тартыштан кийин жыйынтыгында Түмөнбаевдин сунушу үчүнчү жолу добушка коюлуп, башка министрлердин дагы отчетун угуу чечими парламентарийлер тарабынан жактырылды. Андан тышкары, жыйында депутаттар талап кылган министрлер да баяндама жасап, алар жетектеген тармактардагы учурдагы абалга токтолушту. Жыйын суроо-жооп форматында улантылды.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

## МЕКТЕПТЕРДЕГИ КИТЕП КӨЙГӨЙҮ

"Билимдүү Кыргызстан" жана KG Analitics тобу өлкө ичиндеги соңку 4 айдан бери билим берүү тармагында жүргүзгөн талдоосун жыйынтыктады. Анда мектептердеги китептердин жетишсиз экени, бул көйгөй чечилбесе, келечек муунду окутуу кыйынга турары айтылат. Ал арада Билим берүү жана илим министрлиги жакынкы үч жылда китептердин жетишсиздик маселеси толук чечилерин убада кылууда. Бул үчүн "Алтын Казык" программасы түзүлгөн. Анын өзөгүн 12 жылдык окутуу системасы түзөт. Ал эми ата-энелер улам башка китептерди сатып алууга туура келип жатканына нааразы.

## ӨЛКӨДӨ БЕНЗИНДИН БААСЫ КӨТӨРҮЛҮҮДӨ

Апрель айынын башына карата күйүүчү майдын орточо баасы бир аз көтөрүлдү. Мындай маалыматты Улуттук статистикалык комитети жарыялады. Ушул тапта АИ-95 маркасындагы күйүүчү майдын литри – 71,48 сомдон сатылууда. Ушул эле марка март айында 70,19 сом болгон. Ал эми АИ-92 үлгүсүндөгү майдын түрү 64,64 сомдон сатылып жатат. Март айында бензиндин бул түрүнүн баасы 63,25 сомду түзгөн. Учурда АИ-80 үлгүсүндөгү майдын орточо баасы – 58,35 сомдон болсо, өткөн айда анын баасы 58,34 сомдон болчу. Ал эми дизель майынын литри март айында 71,52 сом болсо, учурда 72,52 сомдон сатылууда.

## АРСТАНБАП ТОКОЮНА ЖАҢГАКТЫН 6 МИҢ КӨЧӨТҮ ТИГИЛДИ

Жалал-Абад облусундагы "Арстанбап-Ата" токой чарбасынын Таш-Булак участкасында жаңгактын 6 миң даана көчөтү отургузулду. Бул тууралуу Токой кызматы билдирди. Иш-чара "Жашыл мурас" улуттук компаниясынын алкагында 6-апрелде өткөн. Жаңгактар 15 гектар аянтка отургузулганы маалым болду. Мындан тышкары, ушул эле күнү "Аксы" токой чарбасына караштуу "Ренжит" токой бөлүмүндө 6 гектар жерге 2400 даана мисте көчөтү тигилген. "Арстанбап-Ата" токой чарбасы Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунда жайгашкан. Жалпы аянты 19 миң гектар, токойлуу аянты 9,7 миң гектарды түзөт, анын ичинен 3,7 миң гектары жаңгак токою. Ал эми "Аксы" токой чарбасынын жалпы аянты 62,6 миң гектарды түзөт. Анын ичинен 30 миң гектары токой каптаган аянт.

## ПАРАТРИАТЛОНЧУЛАР ДҮЙНӨ КУБОГУНА КАТЫШАТ

Кыргызстандын паратриатлон боюнча курама командасы Дүйнө кубогуна катышат. Бул тууралуу Дене тарбия жана спорт департаменти билдирди. Дүйнө кубогу 18-23-апрель күндөрү Түркиянын Енишехир шаарында өтөт. Курама команданын катарында Дастан Камчыбеков, Гүлназ Жузбаева, Айтунук Жоомарт кызы, коштоп жүрүүчүлөр Артем Шарпилов, Ангелина Блиндул, Юлия Фернас жана курама команданын башкы машыктыруучусу Андрей Ханадеев экени айтылды.

## ОРОЗО АЙТ БЕЛГИЛЕНЕТ

10-апрель күнү өлкөдө Орозо айт белгиленет. Бул күн эс алуу күнү болот. Бул тууралуу Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги билдирди. Ислам календары күн календары менен дал келбегендиктен Орозо айттын датасы жыл сайын алмашып турат.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ,
Махабат САИДРАХМАНОВА**

## И.В.ТУЛЕКЕЕВДИ “ДАНАКЕР” ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө жана Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосундагы кызматташтыкты чыңдоого кошкон чоң салымы үчүн “КАЗ Минералз Бозымчак” жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору **Тулекеев Ильяс Валерьевич** “Данакер” ордени менен сыйлансын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 28-марты, ПЖ №83***

## ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Жылуулукту иштеп чыгуучу жана жылуулук менен жабдуучу ишканаларды натыйжалуу башкарууну уюштуруу жана ишин оптималдаштыруу, “Электр станциялары” ачык акционердик коомун кайчылаш субсидиялоону болтурбоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- түзүлгөн мамлекеттик ишканаларды иштеген жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчигине андан ары өткөрүп берүү үчүн жылуулук менен жабдуунун тиешелүү объекттерин алардын балансына өткөрүп берип, мамлекеттик ишканаларды бөлүү жана түзүү жолу менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасын кайра уюштурсун;
- “Электр станциялары” ачык акционердик коомунун филиалдары: Бишкек жана Ош шаарларынын жылуулук электр борборлору, “Бишкекжылуулуктармагы” жылуулук менен жабдуучу объекттерин алардын базасында муниципалдык жылуулук менен жабдуучу ишканаларды түзүү жолу менен Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларына өткөрүп берсин;
- Жарлыктын ушул пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтарында көрсөтүлгөн жылуулук менен жабдуучу объекттерди тиешелүү мүлктүк комплекстери (активдери), штаттары, каржылоосу жана милдеттенмелери менен өткөрүп берсин;
- 2028-жылга чейин жылуулук менен жабдуучу ишканаларды субсидиялоону токтотуу боюнча зарыл чараларды көрсүн;
- калкты жылуулук менен жабдуу боюнча маселелерди чечүүнү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына киргизүүгө багытталган мыйзамдын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;
- бул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**2.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана расмий жарыялануга тийиш.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, ПЖ №89***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ КУРОРТОЛОГИЯ ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРИП ДАРЫЛОО ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Саламаттык сактоо жаатындагы илимий ишти өркүндөтүү максатында, “Илим жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Кыргыз курортология жана калыбына келтирип дарылоо илим-изилдөө институту жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3**. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 9-январындагы №3 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Кыргыз курортология жана калыбына келтирип дарылоо илим-изилдөө институтунун уставын бекитүү жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-майындагы №280 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтомунун 2-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-ноябрындагы №554 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн илим чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 2-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-октябрындагы №563 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин саламаттык сактоону башкаруу чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 2-пункту.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 2-апрели, №154***

## МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАЛАР, УСТАВДЫК КАПИТАЛДАГЫ КАТЫШУУ ҮЛҮШҮНҮН 50 ЖАНА АНДАН АШЫК ПАЙЫЗЫ МАМЛЕКЕТКЕ ТААНДЫК БОЛГОН ЧАРБАЛЫК КООМДОР, АНЫН ИЧИНДЕ АЛАРДЫН ТУУНДУ ЧАРБАЛЫК КООМДОРУ ТАРАБЫНАН САТЫП АЛУУЛАРДЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашыруунун ачыктыгын жогорулатуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашыруу маселелерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.

**2**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинде:

- 3-пунктта:

9-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“9) система - www.zakupki.okmot.kg бирдиктүү мамлекеттик маалымат порталында сатып алуулар жана ыйгарылган контракттар жөнүндө маалыматты заказчылар милдеттүү түрдө ачып берүү менен электрондук сатып алууларды жүргүзүү жана (же) сатып алуулар жөнүндө маалыматты ачуу үчүн маалыматтык система;”;

төмөнкүдөй мазмундагы $9^1$-пунктча менен толукталсын:

“$9^1$) ыйгарым укуктуу орган - мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашыруу маселелерин координациялоону камсыз кылууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ыйгарым укук берген мамлекеттик орган;”.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-майындагы №291 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жободо:

- 12-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашыруу маселелерин координациялоо;

- мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашыруунун натыйжалары жөнүндө жыйынды отчетторду даярдоо;

- мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбалык коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды жүзөгө ашыруу чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана илгерилетүү”.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

- $19^3$-пунктта “101”, “86” деген цифралар тиешелүү түрдө “105”, “90” деген цифраларга алмаштырылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чыгымдарды жабууга республикалык бюджеттен каржылоону бөлүп берүүнү камсыз кылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 29-марты, №146***

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТЕСКЕМЕСИ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 30-январындагы №10 “Мамлекеттик турак жай саясаты чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн турак жай менен камсыз кылуу жана турак жай куруу механизмдерин андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20, 23-статьяларына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине **ылайык:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 13-июлундагы №75 “Кыргыз Республикасынын “Менин үйүм 2021-2026” турак жай программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын “Менин үйүм 2021-2026” турак жай программасын (мындан ары - Программа) ишке ашыруунун алкагында турак жай куруу үчүн бөлүнгөн жер участокторунун тизмеги ушул тескеменин тиркемесине ылайык бекитилсин.

**2.** Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

- бир айлык мөөнөттө ушул тескеменин 1-пунктунда көрсөтүлгөн тизмекке ылайык жер участокторун “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомуна (мындан ары - МИК) мөөнөтсүз пайдаланууга (мөөнөтүн көрсөтпөстөн) өткөрүп берсин;
- бир айлык мөөнөттө турак жай куруу үчүн арналган, алардын карамагындагы жер участокторун МИКке мөөнөтсүз пайдаланууга (мөөнөтүн көрсөтпөстөн) андан ары өткөрүп берүү менен инвентаризациялоону жүргүзсүн;
- бир айлык мөөнөттө Программанын алкагында турак жай куруу үчүн кошумча жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун киргизсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик бир айлык мөөнөттө ушул тескеменин 1-пунктунда көрсөтүлгөн тизмекке ылайык жер участокторун каттоону жана аларды МИКке өткөрүп берүүнү камсыз кылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги Программанын алкагында турак жай куруу үчүн төмөнкү жер участокторун даярдоону жана МИКке өткөрүп берүүнү камсыз кылсын:

- идентификациялык №1-02-07-0077-0523, Бишкек шаары, Волков көчөсү, 9а, аянты 11,0286 га;
- идентификациялык №7-08-15-1001-5031, Чүй облусу, Сокулук району, Новопавловка айылы, Восточная көчөсү, 42, аянты 1,7642 га.

**5.** МИКке төмөнкүлөр сунушталсын (макулдашуу боюнча):

- Программаны ишке ашыруунун алкагында курулушту үлүштүк каржылоо механизми аркылуу турак жай куруу үчүн ушул тескеменин 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун максаттуу пайдаланууну камсыз кылуу;
- Бишкек шаары, Лев Толстой көчөсү, 70 дареги боюнча турак жай курулушу аяктагандан кийин турак эмес жайларды Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине өткөрүп берүү.

**6.** Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 5-апрели, №126-т***

## ПССИ ЛЕНИНСКОГО РАЙОНА г. БИШКЕК

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ПОВТОРНЫЕ ТОРГИ НА ЗАЛОЖЕННОЕ НЕДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО:

***жилая квартира полезной площадью - 76,9 кв.м., площадью - 35,2 кв.м., находящийся по адресу: г.Бишкек, мкр. Джал-29, д. 3/3, кв. 15, принадлежащей на праве собственности Тентиевой Жылдызгул Жолдошбековне на основании Договора купли - продажи за №2018104229 от 29.05.2018 года.***

Повторные торги состоятся **15 мая 2024 года в 11.00 часов** по адресу: **г. Бишкек, ул. Ю.Абдрахманова, 132, каб. 12,** начальная (стартовая) стоимость заложенного имущества составляет - **3 574 000 (три миллиона пятьсот семьдесят четыре тысячи) сом.**

Согласно статьи 82, 83, 84 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» для участия в торгах необходимо внести **5%** от начальной стоимости на депозитный счет ПССИ Ленинского района г. Бишкек, **л/с 4402052100000877, р/с БИК 440001, получатель Центральное казначейство МФ КР, код платежа 14238900,** до начала торгов подать заявку в ПССИ Ленинского района г. Бишкек. Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.

Задаток, внесенный лицом, выигравшим аукцион, зачисляется в счет покупной цены. Остальным участникам торгов внесенные ими задатки возвращаются в течение трех рабочих дней после окончания торгов. Организатор торгов судебный исполнитель Исмаилов Б.А.

**Тел. для справок: (0312) 30-36-04, (0776) 22-11-44.**

Н-875

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

МАМЛЕКЕТКЕ ТАРТИП КЕРЕК
www.erkin-too.kg

# БЕЙӨКМӨТ УЮМДАР АЧЫК-АЙКЫН ИШТЕЙ БАШТАЙТ




**2023-жылдын 15-декабрында өткөн Элдик курултайда Президент Садыр Жапаров бейөкмөт уюмдардын каржылык отчеттуулугу жөнүндө мыйзам долбоору боюнча сөз козгоп, азыркы учурда зарыл экенин белгилеген эле. Аталган мыйзам долбоору Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынып, ага Мамлекет башчысы өткөн жумада кол койгон. Фейсбуктагы расмий баракчасына пост жазып, түшүндүрмө берди.**

Өкмөттүк эмес уюмдарды жана чет өлкөлүк өнөктөштөрдү кызыктырган мыйзам долбоорунун редакцияланышына кеңири түшүндүрмөсүндө Мамлекет башчысы 30 жылдан бери иштеп келе жаткан өкмөттүк эмес уюмдар эч жерге катталбай, эч кимге отчёт бербегендиктен, жөн гана банктардан эсеп ачып эле чет өлкөлүк донорлорунан акча алышып, жеке үй-бүлөлүк кызыкчылыктарына да иштетип келишкенин билдирген. Алешемдик кайда жатканын так белгилеп, “Эми мындан ары Юстиция министрлигинен эл катары эле каттоодон өтүшөт. Банктан эсеп ачышат. Мындан ары ачык-айкын иштей баштайшат” деди.

Президенттин билдирүүсү кызуу талкуу жаратып, ал ортодо жарандык коомдун айрым өкүлдөрү Өлкө жетекчилигин маалыматты бурмалоого айыптап чыкканына күбө болдук. Буга байланыштуу Президент "Кабар" агенттигине комментарий берип: “Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча 25 миңдей өкмөттүк эмес уюм катталган болсо, анын 2 миңдейи чет элдик донорлордун каражаттары жана алардын катышуусу менен иш алып барат экен. Ошолор кайра каттоодон өтүшөт. «Чет элдик өкүлдөр» боюнча өзүнчө реестр болот. Болгону эле ошол. Бүгүнкү күнгө чейин кандай иштеп келсе, ошондой эле иштей беришет. Эч кандай куугунтук болбойт деп кепилдик берем” деди.

Дээринде мыйзам жаман эмес. Мамлекеттин кызыкчылыгынын негизинде жазылганы көрүнүп турат. Тилекке каршы, биздеги бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү “бөйрөктөн шыйрак” чыгарышып, аталган мыйзам долбоорун чоң ызы-чууга аралаштырганга аракеттеништи. Мындайча айтканда, жеке кызыкчылыктын алкагында бизди башка мамлекеттер менен кагылыштыргандан кайра тартышпады. Ар кайсы тараптарга, чет жактарга кайрылуу жолдоп, АКШнын Мамлекеттик катчысы Энтони Блинкенге кат жаздырышты. Ага Президент Садыр Жапаров жеке өзү: “Өлкөбүздүн ички иштерине кийлигишпеңиздер!” деген жообун берди.

Негизинде, Жогорку Кеңеш кабыл алып, Президент кол койгон мыйзам долбоорунун концепциясы 1938-жылы АКШда кабыл алынган, азыр иштеп жаткан Чет өлкөлүк агенттерди каттоо жөнүндөгү (Foreign Agents Registration Act, FARA) мыйзамга дал келет. FARA мыйзамына ылайык, Вашингтондун ички же тышкы саясатына карата өкмөттүн же калктын бир бөлүгүнүн көз карашын өзгөртүүгө багытталган ишчаралар саясий ишмердик болуп саналат.

Белгилүү болгондой, FARA Мыйзамында чет өлкөлүк агенттин статусу жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн гана эмес, башка юридикалык жана жеке жактар үчүн да каралган. Каттоодон кечиксе же андан баш тартса – административдик эле эмес, ал тургай кылмыш-жаза жоопкерчилигине кириптер болот. Белгилей кетсек, бүгүнкү күндө Кошмо Штаттарда 3,5 миң уюм жана жеке жак чет өлкөлүк агент деп эсептелинет. Акыркы жылдарда чет өлкөлүк агенттердин саны 30 пайызга өскөн.

Кыргыз Республикасында бейөкмөт уюмдардын саны боюнча расмий маалымат жок. 2015-жылы 14 миңден көп уюм катталганы белгиленген, учурда болжол менен 30 миңге чейин болушу мүмкүн экени айтылат. Алардын ишмердиги, анын ичинде каржылык багыты жөнгө салынбай, отчет бербей келишти. АКШда коммерциялык эмес тармак жогоруда белгиленген мыйзамга ылайык, өз ишмердиги жөнүндө мамлекетке отчет берип, салык төлөйт. Ошого катар, чет өлкөлүк жак менен алака кылган бейөкмөт уюмдар түшкөн каражаты жана чыгымдары тууралуу жарым жылда бир маалымдап турат. Коомго жайылтылган маалыматтары чет өлкөлүк агент тарабынан таркатылып жатканын ар бири белгилөөгө милдеттүү.

Көзгө тартылгандай, демократиянын очогу делген АКШ бул жаатта өзүн коргоп, мамлекетинин кызыкчылыгын сактап келе жатса, биз эмне үчүн аракет көрбөшүбүз керек? Россияда бул мыйзам бир нече жыл мурун кабыл алынган, азыр иштеп жатат. Биз дагы сырттан келген каражаттарды тескеп, тополоң уюштурууга багытталгандарын аныктап, мамлекетти тартипке келтиришибиз зарыл.

**Жогорку Кеңештин депутаты Надира НАРМАТОВА:**

## “Эми мамлекетте көзөмөл орнойт”



- Мамлекетте темирдей тартип болбосо, бүгүнкүдөй бейбаш болуп жүрө беребиз. Адамдардын адеп-ахлагы, ариет-намысы, жүрүм-турум эрежелери, мамлекетти, иштү сүйүүгө болгон жоопкерчилик, улуттук идеологиянын баары темирдей тартиптин ичине кирет. 30 жылдан бери улуттук идеологиянын жоктугунан, сырттан каржыланган өкмөттүк эмес уюмдар, диний агымдар, секталар Батыштын, Чыгыштын идеологиясын элге сиңирүүгө аракет кылып, бош калган вакуумду ээлеп бүтүштү. Буга чара көрүүчү мезгил жетти. “Чет өлкөлүк агенттер жөнүндө” мыйзам долбоору Жогорку Кеңештен үч окуудан өтүп, Президент кол койду. Эми мамлекетте көзөмөл орнойт. Чет өлкөлүк тыңчылар каалагандай калчап, билген намазын окуп, өлкөнүн тынчтыгын бузалбай калышат. Күч түзүмдөрү көзөмөлгө алганга мыйзам менен куралданттык. Жогорку Кеңештин жетинчи чакырылышы ушул мыйзам менен тарых барактарында жазылып калат.

**Мурдагы акыйкатчы Турсунбай БАКИР уулу:**

## “Президентке ыраазычылык билдирем”



- 10 жылдан бери өткөрө албай жүргөн мыйзамды депутаттар кабыл алды, Президент кол койду, баарына ыраазычылык билдирем. Кысым күчтүү болду. АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкен, сенаторлор, конгрессмендер, Евробиримдик, Европа парламенти, элчиликтер, эл аралык уюмдар “бул мыйзамды кабыл албагыла” дешип, кысым жасашты. Кыргызстандагы алардын тыңчылары тынбай кайрылып, “биз өзүбүздүн балит иштерибизди кыла албай калабыз, жардам бергиле” деп ызы-чуу түштү. Президенттин эрки күчтүү экен кол коюп, үч тилде түшүндүрмө берди. Эми жакында сезесиңер, мындан ары сырттан акча алып бейөкмөт уюмдар митинг, пикет өткөрө албай, түстүү революцияларды жасай албай калат.

**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Туратбек МАДЫЛБЕКОВ:**

## “Мыйзам талабын аткарганга милдеттүүбүз”



- Эгемендүүлүк алгандан кийинки жылдарда бизди кедей мамлекет катары карап, эл аралык уюмдар тарабынан ар кандай каражаттар бөлүнүп келген. Мындан улам бизде түрдүү уюмдар түзүлүп, аларды чет өлкөлүктөр каржылап келе жатат. Адам укугу, коррупцияга каршы иштерге бир канча миллиондогон каражат бөлүнгөнү айтылып келет, бирок алар кайда сарпталганын билбейбиз. Бул жерде ачыкын айтышыбыз керек, Президенттин сөзүндө чындык бар. Чет өлкөлүк донорлордон акча алып, өздөрү каалаган нерселерине, анын ичинде жеке үй-бүлөлүк кызыкчылыктарына иштетип келишкени эл арасында кеңири айтылып жүрөт. Ошондуктан, биздин мамлекетке келген акчалардын көзөмөлдөнүп турушу керек деген маселе жаралды. Ал коом тарабынан да көзөмөлдөнүшү керек. Кайда сарпталганын каражат берген эл аралык уюмдар дагы билиши керек. Ал эми Кыргызстанда кандай гана уюм болбосун, анын ичинде коммерциялык эмес уюмдар дагы катталып, мамлекеттик органдарга каражаттын булагы, кызматкерлер берилген айлыгы боюнча отчеттерун берип турушу керек. Бул мыйзамдын талабы. Албетте, аларга болбогон шылтоолор менен куугунтук болбошу керек, кысымга алынбашы зарыл. Ага катар бейөкмөт уюмдары, журналисттер жалган маалыматтарды таратпоосу шарт. Алдын ала “Бизге куугунтук болот, чет өлкөнүн агенти деп камашат” деген дагы туура эмес. Мамлекет жетекчиси дагы муну так айтыптыр, "Биз дүйнө жүзүнө белгилүү болгон "Борбор Азиядагы демократиянын аралчасы" деген атыбызды сактап калышыбыз керек" деп.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЛУЧШИЕ ЛИЧНОСТИ СТРАНЫ
www.erkin-too.kg

# ӨСКӨН ОСМОНОВ – НЕУТОМИМЫЙ УЧЕНЫЙ, ПЕДАГОГ И ПАССИОНАРНАЯ ЛИЧНОСТЬ



25 марта 2024 года исполняется 70 лет со дня рождения известному историку, заслуженному деятелю науки Кыргызской Республики, талантливому педагогу и общественному деятелю Өскөну Джусупбековичу Осмонову.

В эти дни по праву ему посвятили поздравительные статьи известные в нашей республике ученые, соратники по педагогической работе и в общественно-государственной деятельности. Ибо он сумел совершить добрые дела в каждой из перечисленных направлений общественной жизни. О нем написано достаточно много объективно-аналитических статей в основном превосходительных тонах.

Его многолетний – 48 летний плодотворный труд оценен достойно на самом высоком уровне в 2019 году, когда ему было присуждено очередная государственная награда Кыргызской Республики – орден «Манас» III степени, и во время вручения его, тогдашний Президент нашей страны, совершенно справедливо озвучил следующие мысли: «... С большим уважением хотел бы отметить, что среди тех, кого мы сегодня чествуем, есть наш уважаемый профессор Осмонов Өскөн. Он много лет трудился в сфере образования, воспитал не одно поколение кандидатов наук и докторов. Особо следует подчеркнуть, что Өскөн Осмонов внес особый вклад в исследование истории кыргызского народа и является автором учебников по истории. Эта достойнейшая личность удостоена ордена «Манас» за свое трудолюбие и честное служение в интересах народа и страны...».

Присоединяясь к ним, сегодня мне хочется сказать как одногруппнику по студенческой жизни (1971–1976 гг.), что он прошел свой достойный подражания путь в каждом из выше сказанных направлений от низов до самой ее вершин. Начав свою юную студенческую жизнь на историческом факультете Кыргызского государственного университета с обычного студента кыргызско-язычной группы из горного села, вскоре на первом же курсе совершив своеобразный переворот – сумел сместить нерасторопных двух великовозрастных, чем их сокурсники (Кадыркула Садырова и Кылыча Калиева) старост, и стать избранным лидером группы до завершения ВУЗа. Помниться, на первом же курсе с ним произошел довольно курьёзный, но примечательный случай – в разгар зимних холодов он пришел на занятия совершенно лысым. На вопрос в чем дело? Он отвечал – был в парикмахерской. Сев на кресло, из-за затруднения заказать тип прически, якобы он сказал, одно русское слово – «бриться», и мастер мгновенно начал стрижку автоматической машинкой со лба ..., дальше, он был в шоке от недоумения. Но дело было сделано по заказу – его постригли на лысо! И, тем не менее, мой сокурсник, был не возмутим, гордо щеголял этой лысиной, еще пару месяцев. Это наглядный пример его пассионарности, как сельский юноша не знавший русского языка, достиг вершины своей разносторонней профессиональной деятельности. Несколько лет подряд он избирался командиром студенческих строительных отрядов, неизменно добивающееся высоких результатов. В 1976 г. с отличием окончил КГУ им 50 летия СССР.

Свою трудовую деятельность начал с рядового сотрудника – научного редактора в Главной редакции Кыргызской Советской Энциклопедии, затем стал председателем редсовета отраслевой энциклопедии «Кыргыз тарыхы», изданной в 2003 году. Был председателем научно-редакционного совета по истории, археологии, этнографии семи томной Кыргызской национальной энциклопедии.

Педагогическую деятельность начал с 1977 года с должности преподавателя кафедры философии и научного коммунизма в Кыргызском национальном аграрном университете им. К.И. Скрябина, в последующем становится здесь директором Института социально-гуманитарных и естественных наук им. Ч. Айтматова, в 1990 году возглавил кафедру истории и философии ВУЗа. Здесь он в 1994 году защитил докторскую диссертацию, а 1996 году получил звание профессора истории Кыргызстана и был избран академиком Международной Айтматовской академии. В 2006 году избран член-корреспондентом Национальной академии наук Кыргызской Республики.

С 1998 года по 2008 годы одновременно сочетал заведование отделом истории, социальных и эстетических наук Кыргызского института образования и был во главе реформирования преподавания истории в учебных заведениях страны. Под его руководством его отдел трехкратно становился победителем конкурса написания учебников для средних школ Кыргызстана объявленного (2000, 2003, 2005 гг.) Правительством КР и Азиатским Банком. Так, он принял самое деятельное участие в разработке новой концепции, государственных стандартов и учебные программы по истории, обеспечивающие переход от старого формационного, классового подхода к новому цивилизационному методу изучению истории, соответствующие новым мировым уровням. В учебниках нового поколения созидательная деятельность человека выдвигается как движущая сила истории человеческого общества, рассматривается как неотъемлемая часть мировой цивилизации. Поэтому в многочисленных публикациях и учебниках Ө. Дж. Осмонова объективно освещается жизнь и деятельность более двухсот исторических личностей, внесших важный вклад в формирование и развитие кыргызского народа и кыргызской государственности.

Впервые в истории Кыргызской Республики под руководством Ө.Дж.Осмонова были созданы более 30 оригинальных школьных учебников по истории Кыргызстана для 5-11 классов средних школ, а также учебники по Мировой истории для 6-11 классов общеобразовательных школ республики, которые успешно прошли всестороннюю экспериментальную проверку и утвердились как стабильные учебники. Все эти учебники оформлены творчески, с большой любовью и профессионализмом портретами и фотографиями исторических личностей, прекрасными картами, таблицами и диаграммами, а также отрывками из исторических документов, что безусловно усиливают познавательность изучаемых материалов. Им присвоены гриф Министерства образования и науки Кыргызской Республики. Учебники по истории Кыргызстана регулярно издаются массовым тиражом на кыргызском, русском, узбекском и английском языках и по ним обучаются сотни тысяч учащихся и студентов. Общий тираж учебников превысил более 2 миллиона экземпляров.

Фундаментальная книга «История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней)» объемом 96 п.л., изданная в 2001, 2002, 2003, 2005, 2008, 2012, 2017, 2019, 2020, 2023 гг. на кыргызском и русском языках, стала одним из основных учебников ВУЗов республики. Они каждый раз переиздавались с существенными более оригинальными, фактическими дополнениями с учетом новых достижений исторической науки. В 2003 и 2006 гг. данный учебник признан «лучшим учебником нового века» и награжден дважды Почетными грамотами Правительства Кыргызской Республики.

Өскөн Джусупбекович является признанным специалистом, обогатившим историческую науку Кыргызстана, им написаны и опубликованы около 50 книг (20 монографии, 30 учебников, учебных пособий) и более 500 статей, посвященных актуальным вопросам многовековой истории Кыргызстана, теории обучения истории и образования. Кроме этого учёный активно изучает проблемы социально-экономического развития села, изменения социальной структуры населения, подъема материального и культурного уровня народа страны, исследует и пропагандирует жизнь и деятельность исторических личностей Кыргызстана.

В 2018 году он осуществил курс 20 минутных видео лекций по 45 темам истории Кыргызстана и всемирной истории которые размещены на сайте Youtube.com, а также регулярно транслируются по телеканалам «Санат-Билим ТВ», «ЭлТР-Шт ВШт» и «Манас жаңырыгы» на кыргызском и русском языках.

Өскөн Джусупбекович так же постоянно заботится о подготовке научных и научно-педагогических кадров для республики. В 2001–2005 гг. и в 2008–2011 гг. был председателем экспертной комиссии НАК Кыргызской Республики по историческим и юридическим наукам. В 2006–2008 гг. избирался председателем диссертационного совета по защите докторских и кандидатских диссертаций по историческим наукам, а с 2023 года вторично стал председателем этого совета. С 2010 по 2014 годы был членом Президиума Высшей аттестационной комиссии Кыргызской Республики, а в 2014–2023 годы являлся председателем экспертной комиссии ВАК КР по историческим наукам. Таким образом, в общей сложности 23 года, непрерывно работает в системе ВАК КР. Под его руководством 4 человека защитили докторскую и 25 кандидатскую диссертации, среди которых известные ученые в Кыргызстане как Н.К.Курбанова, Т.Ө.Өмүрзакова, Г.К.Абдалиева, М.К.Иманкулов и другие, а так же один из соседнего Казахстана В.С.Ешпанов.

В 2010 году Осмонов Ө.Дж. достиг и олимпа педагогической работы – когда его избрали ректором Иссык-Кульского государственного университета им. К. Тыныстанова. О его динамичном руководстве университетом, ходят самые хорошие разговоры до сих пор.

Өскөн Джусупбекович проявил себя и на высших руководящих должностях. В 2004-2005 гг. был председателем Государственной комиссии при Правительстве Кыргызской Республики по делам религий. Правда, в скоре совершенный 24 марта 2005 года политический переворот в КР, не позволили ему до конца осуществит задуманные им преобразование на этом поприще.

Наряду с педагогической и научной деятельностью Осмонов Ө. Дж. параллельно успешно занимается и общественной деятельностью. С 2009 г. является избранным Президентом Ассоциации историков Кыргызской Республики, за плодотворную работу в 2010 году награжден золотой медалью «Историк». С 2005 по 2010 годы он был членом Национальной комиссии по государственному языку, за что в 2011 году получил нагрудный знак «Кыргыз тили». С 2011 года член Комиссии по развитию исторической науки при Президенте Кыргызской Республики. По инициативе Өскөна Джусупбековича в его родном селе «Он бир жылга» были установлены два памятника: «Участникам Великой отечественной войне 1941–1945 гг.» и родовому герою выходцу из этого региона «Жарбан баатыру». Продолжением таких патриотических дел, стало опять же по его инициативе, установление 2009 году в городе Токмок прекрасного и величественного памятника легендарной исторической личности кыргызского народа жившего в XVI - начала XVII века Манап бийу. Ему присвоено звание «Почетный гражданин» с вручением медали «Кеменгер» администрации Чуйской области Кыргызской Республики.

Он в данное время отец шестерых детей, из них трое сыновей, дед девяти внуков и прадед одного правнука. Все дети получили высшее образование и устроены в семейном отношении, тем самым радуют родителей своими определенными успехами в жизни. У него надежный семейный тыл – жена прекрасный экономист по профессии Айнура Мырзакматова создает все условия для плодотворной работы своему мужу.

Из выше сказанного следует, что Өскөн Джусупбекович своей многогранной и плодотворной деятельностью, по существу равного гражданскому подвигу, снискал себе заслуженное уважение как пассионарная личность, беззаветно служащий своему народу, стране и по прежнему полон сил творить дальнейшие полезные для общества дела. Так пожелаем ему крепкого здоровья и долгих лет счастливой жизни.

**Доолотбек САПАРАЛИЕВ,
заведующий кафедрой истории Кыргызстана и зарубежного Востока Бишкекского государственного университета им. К. Карасаева, заслуженный работник образования Кыргызстана, лауреат Государственной премии КР в области науки и техники, профессор**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ИЛИМ ДҮЙНӨСҮНДӨ
www.erkin-too.kg



# АДЕПТҮҮ БАЛДАР – КООМДУН УТУШУ

***Өлкөдө акыркы жылдары балдар кылган кылмыштуулуктун саны кыскарган. Адистер балдардын кылмыштуулукка баруусунун негизги себептерине миграция, үй-бүлөдөгү ата-энелердин көзөмөлүнүн жетишсиздиги жана башка себептерди аташат.***

Балдар психологу Айнура Бейшенбиева технологиянын өнүгүүсү балдардын жашоосуна, адебине таасирин тийгизүүдө дейт. "Ар бир бала уникалдуу деп айтаар элем. Замандын өзгөрүшү балага эле эмес, жалпы адамзатка таасирин тийгизет. Балдардын ойлонуу деңгээли өзгөчө, айрым учурда ушундай балдар өсүп келатканына суктанам. Ошол эле кезде балдарга чоңдор, өзгөчө ата-энеси жоопкерчиликти, адеп, гумандуулукту үйдөн үйрөтүшү керек деп ойлойм. Кээ бир балдардын дээринде өзөк болот. Үй-бүлөлүк шартында көйгөй болуп, тилекке каршы ата, апасы эки жолго түшсө, же миграцияда болсо деле айрым балдар өздөрүн тартиптүү кармап, тар чөйрөдө үлгү боло алган жеткинчектер бар" дейт психолог.

Өлкө ичинде балдарды гумандуулукка үндөгөн, жаман жолго барбоого үгүттөгөн иш-чаралар, зордук-зомбулукка бөгөт коюу алкагында иштер жүрүүдө. Бул багытта профилактикалык иштер мектептерде, ички иштер органдарынын жашы жете электер менен иштөө инспекторлору тарабынан уюштурулууда. Жашы жете электер менен иштөө инспекциясы 2024-жылдын 2 ай ичинде жалпы 150 рейддик иш-чара өткөрүп, рейд алкагында 1477 бала (өзүнөн кичүү балдардан акча, буюмдарды өндүргөн, компьютер клубдарында оюн ойногон, түн ортосунда көчөдө жүргөн) аныкталып, алдын алуу мүнөзүндөгү 3 миң 642 иш-чара жүргүзүлгөн. Ал эми окуу жайларда 19 миң 146 лекция окулуп, балдар иштери боюнча алдын алуу чараларын жакшыртуу максатында, кызыкдар болгон органдарга 3 миң 708 маалымат жиберилген. Ал эми ИИМдин Коомдук коопсуздук кызматынын демилгеси менен даярдалган үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, зомбулукка кабылган аялдар менен балдарга жардам берүүнүн жолдору боюнча сабактар өткөрүлдү.

Балдар тарабынан жасалган кылмыштар көпчүлүк учурларда ден соолукка оор, анча оор эмес залал келтирүү, уурдоо, каракчылык, бейбаштык фактылары боюнча катталат дешет адистер.

Башкы прокуратуранын маалыматына таянсак, өлкөдө балдар тарабынан жасалган кылмыштар боюнча өткөн жылы 1552 бала кылмыш жоопкерчилигине тартылган. Балдар тарабынан жасалган 1070 кылмыш иштин ичинен 1126 балага карата кылмыш-куугунтуктоосу кыскартылган. Башкы прокуратуранын аймактардагы бөлүмдөрүнүн адистери балдар кылмыштуулугунун алдын алууга багытталган иш-чараларды өткөрүүдө. Айтсак, 2-апрелде кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун алдын алуу, балдардын маданиятка болгон көз карашын өнүктүрүү максатында Талас районунун прокуратурасынын колдоосу менен бул райондогу бир катар орто мектептердин окуучулары үчүн Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство жана маданият университетинин актерлук чеберчилик боюнча 5-курсунун студенттери "Мен ким болом?" аталышындагы спектакль коюшту. Ал эми Нарын шаардык мэриясында "Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби" жөнүндө токтомунун аткарылышы талкууланды. Адептүү бала адептүү коомду түзөт. Өлкө ичиндеги жалпы билим берүү мекемелеринде кылмыштуулукка, зордук-зомбулукка каршы туруу иш-чаралары өткөрүлүп, дил баян, сынактар менен түшүндүрүү иштери камтылууда.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

# ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫ



Ислам дүйнөсү жалгыз эле дин салаасында эмес, илимде атагы ааламга тараган көрүнүктүү аалымдарды, окумуштууларды жаратхан. Ислам аалымдары философия, математика, химия, медицина, астрономия, география илимдеринде дүйнөгө жаңы ачылыштарды жасап, жаңы ысымдарды берген.

**АСТРОНОМИЯ**

Мусулман аалымдары астрономияны өтө терең изилдеген. Алардын эмгектери илимге чоң салым кошкон. Орто кылымдарда Халифаттын шаарларында, мусулмандар көп жашаган жерлерде обсерваториялар ачылып иштей баштаган. Тебризге жакын жерде аалым Насир ад-дин Ат-Туси тарабынан ошол кездеги эң чоң Марагин обсерваториясы негизделген.

Жер шары Күн системасын айланары тууралуу божомолду алгачкылардан болуп Ибн аш-Шатир, Насир ад-дин ат-Туси өңдүү ислам аалымдары айтып чыгышкан. Алар асмандагы жылдыздардын жайгашуусу жана алардын бири-биринен канчалык аралыкта турарын көрсөткөн инструментти ойлоп табышкан.

Жердин көлөмү окумуштуу мусулман бир тууган Мусалар тарабынан тогузунчу кылымда эсептелип чыккан. Жер өз огунда Күндү айланары хорезмдик окумуштуу Хорезм-аль Бируни тарабынан аныкталган.

Ал эми Аль-Фергани Күндүн бетиндеги тактар тууралуу маалыматты алгачкылардан болуп тапкан. Анын илимдери бул изилдөөлөрү Европа өлкөлөрүндө дээрлик 7 кылым бою окуу куралы катары пайдаланылган.

Улукбек XV кылымдын баш ченинде эле асман жылдыздарынын каталогун түзгөн. Ал "Жаңы Гураган астрономиялык таблицасынын" автору. Анын астрономиядагы бул эмгеги Клавдия Птолемейдин "Альмагест", Х.Альфонстун астрономиялык таблицалары сыяктуу эле өтө баалуу эмгек.

**БИОЛОГИЯ**

Аалым Ибн-аль Байтар дарылык касиети бар бир жарым миңге жакын өсүмдүктүн атын жазып чыккан. Бул ошол замандарда биология салаасындагы негизги илимий булак катары эсептелген.

**ГЕОГРАФИЯ**

Орто кылымда жашаган Аль-Фаргани "Асман телолорунун жылышы жана жылдыздар жөнүндө илим" деген эмгеги менен дүйнөлүк географиялык илиминин өсүшүнө олуттуу салым кошкон. Жер шары жана Каспий, Азов, Кара деңиздери тууралуу кеңири талдап жазат.

География тууралуу саякатчы Мухаммед ибн Баттута Кытайдан тартып Тимбукка, Момбастан Булгарларга чейинки 127 миң чакырым аралыкты басып өтүп, жер шарттарын сүрөттөп жазып калтырган.

Ал эми дүйнөнүн жаңы картасын түзгөн белгилүү саякатчы жана изилдөөчү Пири-реис Антарктиданы, Түндүк жана Түштүк Американы ачкан.

**МАТЕМАТИКА**

Математик Мухаммед-аль Хорезм эсептөөнүн ондук системасынын автору болгон. Ал ошондой эле бөлчөктөрдү жана тригонометрикалык эсептөөлөрдүн функцияларын изилдеген. "Анын "Китаб аль-Джабр валь-Мукабал" деп аталган эмгегинин өзөгүнөн "алгебра" деген сөз келип чыккан.

Адамзаттын сандар аркылуу маалыматты жашыруун сактоо аракети 3 миң жылдан бери ишке ашып келе жатат. Бул багытта Басрадан чыккан Абу Юсуф Якун ибн Искак аль Кинди мындан 1000 жыл мурда "Криптографикалык маалыматтарды чечмелөө жөнүндө маалымат" аттуу алгачкы илимий эмгегин жараткан.

**МЕДИЦИНА**

Ислам аалымдары медицина илиминде да болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишкен. Алгачкы госпиталдар менен ооруканалар Араб халифатында курулуп, медициналык окуу жайлар ачылган.

Ислам окумуштуулары биринчилерден болуп көз ооруларын иликтөөгө алышкан. Абу Бакр Мухаммед-ар-Ризи көздүн лихорадка жана оспа оорулары кандай болорун талдап жазган.

Батышта Авиценна деген ат менен белгилүү болгон дагы бир мусулман дарыгери Ибн Сина бир катар жугуштуу ооруларды алгачкылардан болуп таап чыккан. Медицинадагы анестезияны ачкан. Ибн Синанын "Дарыгерлик илимдин канондору" деген илимий эмгеги батыштагы медициналык окуу жайларда пайдаланылып келген.

Андалузиден чыккан доктор Абуль-Касим аль-Захрави биринчилерден болуп койдун ичегилерин колдонуу менен операция болгон адамдардын денесин тигүүнү, же азыркы тил менен айтканда скальпель же хирургиялык ийнелерди ойлоп тапкан.

Ислам окумуштуусу Али ибн Аббас онкологияга операция жасаган биринчи хирург. Анын "Китабул-Маликий" деген медициналык энциклопедиясы бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготкон жок.

**ХИМИЯ**

Сегизинчи кылымда жашаган, Европага Гебер деген ат менен белгилүү болгон Джабир ибн Хаян химия илиминин негиздөөчүсү болуп саналат. Ал алгачкылардан болуп перегонка, кристаллизация, возгонка сыяктуу ж. б. ооруларга химиялык операция жасаган жана щелочь, нашатырь, кварц, купорос сыяктуу көптөгөн дарыларды ойлоп тапкан. Ал илимий эмгектеринде биринчилерден болуп уксус, азот кислоталарын кантип алуунун жолдорун жазган.

Ал эми Ар-Рази "Жашыруун сыр китеби" деген эмгегинде химиялык практика жүргүзүүнү 3 тайпага бөлүп көрсөткөн.

**Которгон**
**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

# ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНА КИНОТЕАТР КУРУЛАТ

Жалал-Абад шаарына жаңы кинотеатр куруу пландалып жатканын мэриянын маалымат кызматы билдирди. Калаанын Капиталдык курулуш департаменти бул боюнча мамлекеттик сатып алуулар порталына сынак жарыялаган. Маданий жай Спутник кичи районундагы Тарсус көчөсүндө жайгашкан "Нооруз" сейил багынын аймагына салынмакчы. Кинотеатрдын курулушун ушул жылдын 31-октябрына чейин бүткөрүү белгиленген.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

**ОАО «Кыргыз Долбоор»**

***сообщает о проведении годового общего собрания акционеров, которое состоится 30 апреля 2024 г. в 16.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Турусбекова, 31, каб. 204.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Утверждение отчета исполнительного органа о результатах финансово-хозяйственной деятельности Общества за 2013 г., 2014 г., 2015 г., 2016 г., 2017 г., 2018 г., 2019 г., 2020 г., 2021 г., 2022 г., 2023 г.
3. Утверждение годового бухгалтерского баланса, отчета о прибылях и убытках за 2013 г., 2014 г., 2015 г., 2016 г., 2017 г., 2018 г., 2019 г., 2020 г., 2021 г., 2022 г., 2023 г.
4. Избрание членов ревизионной комиссии.
5. Избрание членов Совета директоров.

Дата составления списка акционеров **29.04.2024 г.**
Регистрация акционеров **30 апреля 2024 года с 15.00 до 16.00 часов.**
С материалами собрания можно ознакомиться по адресу: **г. Бишкек, ул. Турусбекова, 31, каб. 204.**
**Примечание:** акционерам иметь при себе паспорт, а представителям акционеров паспорт и доверенность - оформленную в соответствии с действующим законодательством КР.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЧҮЙ, СОКУЛУК, КАРАКОЛ, ТАЛАС, КАДАМЖАЙ, АЛАЙ ЖАНА ӨЗГӨН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Чүй аймактык шайлоо комиссиясынын 27.03.2024-ж. №3, №4 – Чүй облусунун Чүй районундагы Сайлык айылдык кеңеши боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 27.03.2024-ж. №5 – Чүй облусунун Сокулук районундагы Новопавловка айылдык кеңеши боюнча;
- Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын 28.03.2024-ж. №3, №4 – Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык кеңеши боюнча;
- Талас аймактык шайлоо комиссиясынын 27.03.2024-ж. №5; 28.03.2024-ж. №6 – Талас облусунун Талас районундагы Осмонкулов айылдык кеңеши боюнча;
- Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 27.03.2024-ж. №7, №8 – Баткен облусунун Кадамжай районундагы А.Масалиев айылдык кеңеши боюнча;
- Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын 29.03.2024-ж. №6, №7 – Ош облусунун Өзгөн районундагы Өзгөн шаардык жана Жазы айылдык кеңештери боюнча.

Чечимдер «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде, депутаттар депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө арыз бергендигине байланыштуу кабыл алынган.

- Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 28.03.2024-ж. №2 – Ош облусунун Алай районундагы Гүлчө айылдык кеңеши боюнча;

Чечим «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 9-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде, депутатка карата соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө киришине байланыштуу кабыл алынган.

- Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын 29.03.2024-ж. №6, №7 – Ош облусунун Өзгөн районундагы Өзгөн шаардык кеңеши боюнча.

Чечим «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 10-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде, депутаттар жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпагандыгына байланыштуу кабыл алынган.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Чүй, Сокулук, Каракол, Талас, Кадамжай, Алай жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Чүй, Сокулук, Каракол, Талас, Кадамжай, Алай жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**4**. Чүй, Сокулук, Каракол, Талас, Кадамжай, Алай жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**5**. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6**. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**7**. Бул токтомдун аткарылышын контролдо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-апрели, №30***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 4-апрелиндеги №30 токтомунун 1-тиркемеси*

### Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Чүй району** | | | |
| 1. | Сайлык айылдык (№1 Сайлык шайлоо округу) | Джетигенов Азимжан Дженишбекович | Чүй АШК, №3, 27.03.2024-ж. (27.02.2024-ж. өз арызы) |
| **Сокулук району** | | | |
| 2. | Новопавловка айылдык (№5 шайлоо округу) | Османова Алина Владимировна | Сокулук АШК, №5, 27.03.2024-ж. (28.02.2024-ж. өз арызы) |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | |
| **Каракол шаары** | | | |
| 3. | Каракол шаардык | Кадыров Рустам Жоробаевич (8) «Замандаш» депутаттык фракциясы | Каракол АШК, №3, 28.03.2024-ж. (18.03.2024-ж. өз арызы) |
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | | | |
| **Талас району** | | | |
| 4. | Осмонкулов айылдык (№2 Талдыбулак шайлоо округу) | Джумаев Азамат Казакович | Талас АШК, №5, 27.03.2024-ж. (25.03.2024-ж. өз арызы) |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | |
| **Кадамжай району** | | | |
| 5. | А.Масалиев айылдык (№1 Алыш шайлоо округу) | Токтобаев Сагынбай Токтобаевич | Кадамжай АШК, №7, 27.03.2024-ж. (25.03.2024-ж. өз арызы) |
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | |
| **Алай району** | | | |
| 6. | Гүлчө айылдык (№2 Гүлчө-2 шайлоо округу) | Исмаилов Космосбек Токтогулович | Алай АШК, №2, 28.03.2024-ж. (Соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө киришине ылайык, Ош облусунун Алай райондук сотунун 27.07.2023-ж. Өкүмү УД-№14/23-01) |
| **Өзгөн району** | | | |
| 7. | Өзгөн шаардык | Тапивалдиев Шерзат Турсунбаевич (1) «Өнүгүү-Прогресс» депутаттык фракциясы | Өзгөн АШК, №6, 29.03.2024-ж. (Өзгөн ш/к 12.03.2024-ж. №29/5 токтому – Жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу (6 жолу) |
| 8. | | Салиев Сардарбек Камбаралиевич (2) «Өнүгүү-Прогресс» депутаттык фракциясы | Өзгөн АШК, №6, 29.03.2024-ж. (Өзгөн ш/к 12.03.2024-ж. №29/5 токтому – Жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу (7 жолу) |
| 9. | | Сатволдиев Равшанбек Абдулхаметович (4) «Өнүгүү-Прогресс» депутаттык фракциясы | Өзгөн АШК, №6, 29.03.2024-ж. (14.03.2024-ж. өз арызы) |
| 10. | Жазы айылдык (№2 Кара-Дыйкан-Ильичевка шайлоо округу) | Токсобаев Арапбай Жунусович | Өзгөн АШК, №6, 29.03.2024-ж. (25.03.2024-ж. өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 4-апрелиндеги №30 токтомунун 2-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф. А. А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Чүй району** | | | | |
| 1. | Сайлык айылдык (№1 Сайлык шайлоо округу) | Асаналиев Басылбек | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Чүй АШК, №4, 27.03.2024-ж. |
| **Сокулук району** | | | | |
| 2. | Новопавловка айылдык (№5 шайлоо округу) | Жусупбекова Базаркан Мамытовна | Новопавловка айылынын мектеп-гимназиясы, мугалим | Сокулук АШК, №5, 27.03.2024-ж. |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Каракол шаары** | | | | |
| 3. | Каракол шаардык | Амангожоев Куттубек Бейшембекович (7) «Замандаш» саясий партиясы | Каракол РЭТ, юрист | Каракол АШК, №4, 28.03.2024-ж. |
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | | | | |
| **Талас району** | | | | |
| 4. | Осмонкулов айылдык (№2 Талдыбулак шайлоо округу) | Мусабек уулу Бак | Убактылуу иштебейт | Талас АШК, №6, 28.03.2024-ж. |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | | |
| **Кадамжай району** | | | | |
| 5. | А. Масалиев айылдык (№1 Алыш шайлоо округу) | Масаков Сулайман Исманалиевич | Убактылуу иштебейт | Кадамжай АШК, №8, 27.03.2024-ж. |
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Алай району** | | | | |
| 6. | Гүлчө айылдык (№2 Гүлчө-2 шайлоо округу) | Туйбаев Шермамбет Адышбаевич | Жеке ишкер | Алай АШК, №2, 28.03.2024-ж. |
| **Өзгөн району** | | | | |
| 7. | Өзгөн шаардык | Рызакулов Марифжан Панайдинович (10) «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясы | Жеке ишкер | Өзгөн АШК, №7, 29.03.2024-ж. |
| 8. | | Маткаримов Отабек Таджидинович (20) «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясы | Жеке ишкер | Өзгөн АШК, №7, 29.03.2024-ж. |
| 9. | | Тажибаев Иброхимжон Юлдашбаевич (22) «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясы | Жеке ишкер | Өзгөн АШК, №7, 29.03.2024-ж. |
| 10. | Жазы айылдык (№2 Кара-Дыйкан-Ильичевка шайлоо округу) | Алихан уулу Нурсултан | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Өзгөн АШК, №7, 29.03.2024-ж. |

## РАИМКУЛОВ АШИРБАЙ ОМУРЗАКОВИЧТИ №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 22-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө А.О.Раимкуловдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо А.О.Раимкуловду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 29-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 3-апрелиндеги №12 корутундусу менен А.О.Раимкулов талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе каралоо сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Раимкулов Аширбай Омурзакович №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.О. Раимкуловго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, №48***

## КОЖОНОВ ЗАМИРБЕК ЫРЫСБАЕВИЧТИ №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 22-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө З.Ы.Кожоновдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо З.Ы.Кожоновду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 29-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 3-апрелиндеги №13 корутундусу менен З.Ы.Кожонов талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе каралоо сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Кожонов Замирбек Ырысбаевич №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер З.Ы.Кожоновго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, №49***

## БАКИР БАКЫТБЕКТИ №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 10-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Бакир Бакытбектен арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Бакир Бакытбекти талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 25-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 3-апрелиндеги №14 корутундусу менен Бакир Бакытбек талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе каралоо сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Бакир Бакытбек №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Бакир Бакытбекке белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, №50***

## КУРБАНОВ РАИМЖАН РАХМАНОВИЧТИ №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 25-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Р.Р. Курбановдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Р.Р. Курбановду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 29-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 3-апрелиндеги №15 корутундусу менен Р.Р.Курбанов талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе каралоо сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Курбанов Раимжан Рахманович №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Р.Р. Курбановго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, №51***

## АБДУГАПАРОВ АВАЗБЕК АБИБУЛАЕВИЧТИ №7 ОШ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 25-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө А.А. Абдугапаровдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 27-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо А.А. Абдугапаровду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 27-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 3-апрелиндеги №16 корутундусу менен А.А. Абдугапаров талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе каралоо сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Абдугапаров Авазбек Абибулаевич №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.А.Абдугапаровго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, №52***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## БАЛТАБАЕВ АБДИВАЛИ ЖАКЫПОВИЧТИ №7 ОШ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 26-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө А.Ж.Балтабаевден арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, А.Ж. Балтабаевди талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 28-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 3-апрелиндеги №17 корутундусу менен А.Ж. Балтабаев талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Балтабаев Абдивали Жакыпович №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.Ж. Балтабаевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 3-апрели, №53***

## ШАДЫМАНОВ БАКЫТБЕК АДЫЛБЕКОВИЧТИ №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 19-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Б.А. Шадымановдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, Б.А. Шадымановду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 29-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 4-апрелиндеги №18 корутундусу менен Б.А. Шадыманов талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Шадыманов Бакытбек Адылбекович №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.А. Шадымановго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-апрели, №59***

## ОЙТЕМИРОВ МАХМУД ГИЕСОВИЧТИ №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө М.Г. Ойтемировдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, М.Г. Ойтемировду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 29-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 4-апрелиндеги №19 корутундусу менен М.Г. Ойтемиров талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Ойтемиров Махмуд Гиесович №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Г. Ойтемировго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-апрели, №60***

## НИШАНБАЕВ ТУРГУНБАЙДЫ №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 27-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Т. Нишанбаевден арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, Т.Нишанбаевди талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 29-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 4-апрелиндеги №20 корутундусу менен Т.Нишанбаев талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Нишанбаев Тургунбай №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Т. Нишанбаевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3**. Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4**. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-апрели, №61***

## САТАРОВ АКИМАЛИ САТЫБАЛДЫЕВИЧТИ №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 26-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө А.С. Сатаровдон арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, А.С. Сатаровду талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 30-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 4-апрелиндеги №21 корутундусу менен А.С. Сатаров талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Сатаров Акимали Сатыбалдыевич №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.С. Сатаровго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-апрели, №62***

## АЛИМЖАН УУЛУ САНЖАРДЫ №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2024-жылдын 25-мартында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Алимжан уулу Санжардан арыз келип түшкөн.

2024-жылдын 28-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, Алимжан уулу Санжарды талапкер катары каттоо үчүн 2024-жылдын 28-мартында керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2024-жылдын 4-апрелиндеги №22 корутундусу менен Алимжан уулу Санжар талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе каралган сунушталган.

